Common Cause
Public Foundation



# Жаңы шайлоо системасынын тобокелдиктерине жасалган анализ

"Жалпы иш" коомдук фонду

Бишкек шаары, октябрь, 2021

**Жаңы шайлоо системасынын тобокелдиктерине жасалган анализ**

«Жалпы иш» коомдук фонду "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү” (мындан ары текст боюнча – конституциялык мыйзам) конституциялык мыйзамга киргизилген өзгөртүү жана толуктоолордон улам, жаңы шайлоо системасынын кириши менен ар бир шайлоо процесстеринде пайда болушу мүмкүн деген тобокелдиктерге анализ жүргүздү. Киргизилген өзгөртүү жана толуктоолорго ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын аралаш (параллель) системада шайланат. 54 депутат бирдиктүү шайлоо округдан пропорционалдык система аркылуу ачык тизме менен (саясий партиялардын көрсөткөн талапкерлердин тизмесинин негизинде), 36 депутат бир мандаттуу шайлоо округу боюнча мажоритардык тутум боюнча шайланат.

Демилгечилердин айтымында, шайлоо мыйзамына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү зарылдыгы 2020-жылдын октябрь айында өткөн КРдин Жогорку Кеңешине болгон шайлоонун жыйынтыгын таныбоо чакырыгынан улам болгон. Шайлоочулардын нааразылыгы талапкерлердин тизмелерин түзүүгө таасир эте албай калгандыгынан, шайланган депутаттар менен добуш бергендердин ортосундагы байланыштын жоктугунан, партиялык коррупциядан жана башка жагдайлар себеп болгон.

Мындай учурда конституциялык мыйзамга  өзгөртүү жана толуктоо киргизүү үчүн кеңири коомчулуктун талкуусу керек болгон. Иш жүзүндө шайлоо тууралуу мыйзамды өркүндөтүү боюнча түзүлгөн ведомство аралык комиссиянын иш-чаралары өтүп, конституциялык мыйзамга киргизиле турган өзгөртүү жана толуктоолор шайлоо систамасынын башка моделдерине ылайык сунуштарга ылайык талкууга алынган.

Анткен менен парламентте талкууланган өзгөртүү, толуктоолор боюнча коомчулуктун талкуусуна коюлган конституциялык мыйзам кызыкдар болгон субъектилер кеңири катышып, талкууланган жок.

«Жалпы иш» коомдук фонду коомчулуктун кеңири талкуусу кызыкдар болгон субъектилерге өзүнүн сунуштарын берип, эскертүүлөрүн айтып, бул анализде чагылдырылган бир катар тобокелдиктерди жоймок деген пикирде.

"Жалпы иш" коомдук фонду жаңы шайлоо системасынын кириши менен ар бир шайлоо процесстеринде пайда болушу мүмкүн деген тобокелдиктерге анализ жүргүздү. Бул бардыгын ичине камтыган анализ деп эсептелбейт жана анализди түзүү учурунда байкалып турган учурлардагы негизги тобокелдиктер туурасында баяндайт.

Ар бир эле шайлоо процесстери кээде катарлаш, кээде биринин артынан бири болгон бир нече этаптардан турат.  Жалпысынан шайлоо процесстеринин негизги этаптары төмөнкүдөй:

- Шайлоонун дайындалышы
- Шайлоо округдарынын, участкаларынын түзүлүшү
- Шайлоочулардын тизмесинин түзүлүшү
- Талапкерлерди көрсөтүү жана аларды каттоо, талапкерлердин тизмесин каттоо
- Шайлоо алдындагы үгүт иштери
- Добуш берүү күнү. Добуштарды саноо
- Добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгаруу. Шайлоонун жыйынтыгын аныктоо

Төмөндө шайлоонун бул же тигил этаптарында жаралышы мүмкүн деген тобокелдиктер баяндалган.

Президенттин 2021-жылдын 29-августунда чыккан № 370 жарлыгы менен КРдин Жогорку Кеңешинин VII чакырылышына болчу шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган.

**Шайлоо округдары**

КРдин Жогорку Кеңешинин 54 депутатын пропорционалдык тутум менен шайлоо өткөрүү үчүн өлкөнүн бүткүл аймагы бирдиктүү округ болуп эсептелет.

Бир мандаттуу округдар боюнча округдарды түзүү системасы төмөнкүчө болот. Конституциялык мыйзамдын 13-беренесинин негизинде шайлоонун өтүүчү датасы айтылгандан 7 календардык күндөн кечиктирбестен, БШК шайлоо округдарынын схемасын жана чектерин, ар бир шайлоо округуна кирген калктуу конуштардын (көчөлөрдүн, үйлөрдүн) тизмегин, ар бир шайлоо округунун номерин жана борборун, ар бир шайлоо округундагы шайлоочулардын санын түзөт жана бекитет.

Мурдараак "Жалпы иш" коомдук фонду буга чейин өзүнүн 2021-жылдын 17-июнундагы анализинде бир мандаттуу округдардын чектерин бекитип жана аныктоодо кайсы бир административдик-аймактык бирдиктерде элдин көрсөтүлүшү менен камсыздоо жаатында баштапкы кыйынчылыктар жаралышы мүмкүндүгүн эскерткен. Андан сырткары бекитилген бир мандаттуу округдардын чегинде тигил же бул топтордун нааразылыгын жаратууну камсыздаган шарттар түзүлүп калышы мүмкүндүгүн айткан.

Иш жүзүндө Фонддун бул айтылган тынчсыздануулары бекер жерден болбогону көрүнгөн. Бир мандаттуу округдардын схемасы менен чектерин бекитүү этабында талаш-тартыштар менен пикир келишпөөчүлүк БШКнын мүчөлөрүнүн ортосунда келип чыккан. Бир мандаттуу округдардын схемасынын түзүлүшү боюнча КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттары, аймактардын жашоочулары да нааразылыгын айткан. "Жалпы иш" коомдук фонду талаш-тартыштын негизгилери Ноокат, Араван, Өзгөн жана Кара-Суу округдарынын чеги менен схемасын бекитүүдө келип чыккандыгын белгилейт. "Жалпы иш" коомдук фондунун шайлоо мониторингинин жүрүшүндө бир мандаттуу округдардын схемасы менен чектерине байланышкан кырдаалга баа берүүнү улантабыз.

Бул талаш-тартыштар өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген конституциялык мыйзамда боло турган нерселер эле, себеби бир манданттуу шайлоо округдарына бөлүү ар дайым чатактуу тема болуп келет, татаал, кээ бир учурда кызыктар болгон бардык тараптын кызыкчылыгын эске алуу такыр эле мүмкүн эмес.

Мындан сырткары киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолорго ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткаркы жакта жүргөндөр же жашагандар бирдиктүү округдар боюнча гана добуш бере алат. Мындайча айтканда, саясий партиялардын тизмесиндеги конкреттүү бир талапкерге добуш берүү укугу анын, тизменин ичиндегилерден болот. Бир мандаттуу округ боюнча добуш берүү каралган эмес.

Конституциялык мыйзамга киргизилген дагы бир өзгөчөлүк КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү жана аны уюштуруу учурунда округдук шайлоо комиссиялары КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча аймактык шайлоо комиссияларынын тиешелүү резервдери менен мүчөлөрүнөн түзүлөт.

Анткени менен президенттин 2021-жылдын 28-сентябрдагы жарлыгын эске алсак,бир катар айылдык кеңештерге (Жалал-Абад облусунун  Тогуз-Торо районунун Тогуз-Торо айылдык кеңешине, Чаткал районунун Терек-Сай айылдык кеңешине, Токтогул районунун Кызыл-Өзгөрүш айылдык кеңешине, Ош облусунун Кара-Суу районунун Кара-Суу шаардык кеңешине) шайлоо дайындалды. Аны жеринде уюштуруу жана өткөрүү аймактык шайлоо комиссияларына жүктөлүп, округдук жана аймактык шайлоо комиссияларынын сапаттык курамы жөнүндөгү маселе маанилүү болуп саналат.

“Жалпы иш” коомдук фонду учурда КРдин БШКсы бүгүнкү күнгө чейин биргелешкен шайлоо комиссияларын уюштуруп жана өткөргөн, 2016, 2020 жылдары жергиликтүү кеңештер менен референдум болсо, 2021-жылы ушундой эле кырдаал болгон, андан сырткары референдум менен президенттик шайлоо мөөнөтүнөн мурда өткөрүлгөн. Биргелешкен бул бардык кампанияларда аны уюштуруу жана өткөрүүнү БШК, аймактык шайлоо комиссиялары жана участкалык шайлоо комиссиялары аткарган.

Анткени менен азыр башка кырдаал түзүлдү, себеби өзгөртүлгөн жана кошумчаланган конституциялык мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине болгон шайлоо учурунда гана өзүнүн ишмердүүлүгүн аткаруу үчүн түзүлгөн округдук шайлоо комиссиялары киргизилди.  Округдук шайлоо комиссиялары учурда аймактык шайлоо комиссияларынын ичинен түзүлгөн кырдаалды эске алганда, Президенттин Жарлыгына ылайык, 2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо менен катар бир катар жергиликтүү кеңештерге шайлоону уюштурууга жана өткөрүүгө милдеттүү аймактык шайлоо комиссиялары өзүнүн ишмердүүлүгүн кандай форматта аткарары түшүнүксүз бойдон калууда.

Мындан тышкары, киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор шайлоо комиссияларынын так жана натыйжалуу ишин талап кылган кырдаалда округдук шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутуу, алардын көпчүлүгү шайлоо процессине жаңыдан келгендер болушу мүмкүн экенин эске алганда, БШКнын алдында турган маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

**Шайлоочулардын тизмесин түзүү**

Конституциялык мыйзамга ылайык, шайлоочулардын тизмеси да үч этап менен түзүлөт. Конституциялык мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолорго ылайык, шайлоочулардын тизмеси бирдиктүү округ боюнча өзүнчө, бир мандаттуу округ боюнча өзүнчө түзүлөт. Бирдиктүү округ боюнча шайлоочуларды тизмеге киргизүү үчүн активдүү шайлоочунун (добуш берүү укугу) болушу жана биометрикалык каттоодон өтүшү керек.

Ал эми бир мандаттуу округ боюнча шайлоочунун тизмеси башкача түзүлөт. Жаран бир мандаттуу округ боюнча тизмеге кириш үчүн шайлоочулук активдүүлүгү жана биометрикалык каттоосунан сырткары жергиликтүү жааматтын мүчөсү, тактап айтканда, ал добуш берүү күнүнө 90 күн калганда бул аймакта жашап турууга уруксат кагазы болушу шарт.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча катталуу талабы шайлоочунун ушул бир мандаттуу шайлоо округу менен байланышынын зарылчылыгы менен шартталган.

Анткени менен «Жалпы иш» коомдук фонду ички мигранттардын активдүү шайлоочулук укугун камсыз кылууга байланышкан маселе ачык көйгөй боюнча калгандыгын белгилейт.

2020-жылдын ноябрь айында конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөр кирип, андан улам Форма 2 дареги боюнча шайлоо мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылган. Муну менен бирге эле КРдин Жогорку Кеңеши тарабынан ошол эле студенттердин, ички эмгек мигранттардын, жаңы конуштардын жашоочуларынын, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, аскер кызматкерлердин, аскерлердин, вахта тартиби менен иштегендердин дагы бир топ адамдардын шайлоо укугун, добуш берүүсүн камсыздаган башка механизмдер мыйзамда каралган эмес.

Бул иш жүзүндө бир мандаттуу округ боюнча талапкерге добуш берүү үчүн шайлоо күнү өзү катталган районго, облуска бир катар убаракерчилик жана чыгымдар менен жетип добуш берүүсүүнөн улам мындай топтордун нааразылыгын жаратышы мүмкүн.

**Талакерлерди көрсөтүү жана каттоо. Талапкерлердин тизмеси**

Конституциялык мыйзамга кирген өзгөртүүлөр жана толуктоолордон улам КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттарынын талапкерлерин болгон талап өзгөрүлдү. Ага ылайык, КРдин Жогорку кеңешинин депутаты шайлоо өткөн күнү 25ке чыккан жана КРдин жараны болушу зарыл, андан сырткары шайлоо укугу жана жогорку билими болушу керек.

Кесиптик жогорку билимдин болушу боюнча «Ата Мекен» партиясынын депутаттары Конституциялык сотко көрсөтүлгөн талапты конституциялык эмес деп таануу боюнча кайрылды. Алардын пикири боюнча бул КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттарынын кесипкөй жогорку билими боюнча чектөөлөрдү коюп жатат.

«Жалпы иш» коомдук фонду өз кезегинде кесиптик жогорку билимдин болушу боюнча талап ден соолугу жактан мүмкүнчүлүгү чектелгендердин көрсөтүлүшүнө тоскоолдук жаратат деп эсептейт. Алар объективдүү себептерден улам көп учурда жогорку билимге ээ боло албай калышат.

**Бирдиктүү округ боюнча**

КРдин Жогорку Кеңешине 54 депутат бирдиктүү шайлоо округдан пропорционалдык система менен шайланат. Буга саясий партиялардын тизмесиндегилер бул укукка ээ боло алат. Муну менен катар эле партиянын тизмесиндеги талапкерлер төмөнкү талаптарды эске алышы керек:

-бир жыныстан талапкерлер 70 пайыздан ашык болбошу керек, бирок аны менен саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкер эркектер менен аялдардын тизмедеги айырмасы кезеги үч позициядан ашпашы керек;

- курагы 35 жаштан өйдө болбогон талапкерлер 15 пайыздан кем болбошу керек, муну менен катар алардын ичинен 3 талапкер тизмедеги биринчи турган 25 талапкердин арасында болушу шарт;

- ар кыл улуттун мүчөсү болгон талапкерлер 15 пайыздан кем болбошу кере, муну менен катар эле 3 талапкер тизмедеги биринчи турган 25 талапкердин арасында болушу шарт;

- ден соолугу жактан мүмкүнчүлүгү чектелген талапкерлер экиден болбошу керек, алардын бири тизмедеги биринчи турган 25 талапкердин арасында болушу шарт;

Мыйзамдагы талаптарды партия талапкерлердин тизмесин көрсөтүп жатканда эске алышы керек, бирок мында добуш берүү учурунда шайлоочу партияны, партия тизмесиндеги анык бир талапкерди да тандай ала турганын көңүлдөн чыгарбашы кажет. Ар бир талапкердин алган добушуна жараша партиянын тизмеси түзүлөт. Бул учурда мыйзам тарабынан каралган квоталар эске алынбай калышы мүмкүн, мындай жагдай жаштардын, этникалык азчылыктын жана майыптыгы бар адамдардын позициясына жакшы таасир этпей калышы ыктымал.

“Жалпы иш” коомдук фонду тигил же бул саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси кандайча түзүлөрү тууралуу маселе ачык бойдон калып жатканын белгилөөдө. Алсак, Кыргыз Республикасынын “Саясий партиялар жөнүндө” мыйзамында аталган маселени, тизме түзүү боюнча съезддердин уюштурулушу менен өткөрүлүшүн, делегаттардын тандалышын жөнгө сала турган норма жок. Мунун баары добуш берүү процесси үчүн абдан маанилүү. Ал эми саясий партиялардын аталган көйгөйлөрдү иргеп-тескей турчу уставы көбүнчө бир типтүү, жөнгө салуунун анык, так жол-жобосу жок.

Иш жүзүндө бул маселе талапкерлердин тизмесине байланышкан талаш-тартышка негиз болуп берет. Мисалы, 2020-жылдын күзүндө өткөн парламенттик шайлоонун жүрүшүндө БШКга Турсунбай Бакир уулу кайрылып, “Бүтүн Кыргызстан” партиясынын съездинде түзүлгөн тизме өзгөрүп, каттоо үчүн БШКга башка тизме берилгенин белгилеген.

Алдыда боло турган шайлоодо до мындай көрүнүш байкалууда. Бул Анализ даярдалып жаткан учурда БШКнын кароосунда А.Катагановдун арызы бар болчу. Анда “Азаттык” партиясынын съездинде талапкерлерди көрсөтүү жана тизме түзүү процедуралары бузулганы айтылат.

“Жалпы иш” коомдук фонду иш жүзүндө чынында эле талапкерлер тизме БШКга берилгенге чейин ага кирген-кирбегенин, болбосо кайсы катар саны менен жазылганын билбей калып жатканын белгилөөдө.

Мындан тышкары, шайлоодон кийин талапкерлердин тизмеси өзгөрөр-өзгөрбөсү тууралуу маселе да ачык бойдон калып жатат. Шайлоо мыйзамына ылайык, талапкер тиешелүү арызынын негизинде тизмеден чыгып кете алат. Иш жүзүндө мындай практиканы саясий партиялар башка бирөөнү алып келүү үчүн тигил же бул кандидатты “чыгарып салуу” үчүн колдонот. Буга Ош шаардык кеңешинде аял талапкерлерди тизмеден чыгаруу боюнча арыз жазууга мажбурлаган окуя ачык далил.

**Бир мандаттуу округ боюнча**

Бир мандаттуу округдан талапкер көрсөтүү укугуна саясий партиялар да ээ, өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандар да укуктуу. Мында шайлоочулардан айырмаланып талапкерлерге ошол округда каттоосу болуш керек деген талап жок. Демек, мисалы, бир облуста катталган КР жараны башка облуска бир мандаттуу округдан талапкерлигин көрсөтө алат. Мындай норма бир катар шайлоочулардын наразычылыгын жаратууда. Алардын айтымында, жагдай алгач талапкер, анан депутат менен шайлоочунун ортосундагы туруктуу байланышты камсыздай албайт. Өзү жашабаган округдан ЖК депутаты болуп шайланып келген адам аймактын жашоочулары менен карым-катнашта болбойт, кырдаал боюнча, ошол жердин көйгөйү тууралуу маалыматы жок.

Саясий партияларга бир мандаттуу округдан талапкер көрсөтүү укугунун берилиши кезинде Жогорку Кеңеште бир топ суроо жаратканын айта кетүү абзел.

Иш жүзүндө саясий партия бир мандаттуу округдан көрсөткөн талапкер өзүн-өзү көрсөткөн талапкерге караганда бир катар артыкчылыкка ээ болууда. Жалпы округ боюнча тизме түзгөн саясий партиянын үгүт материалдары ошол партиянын курамындагы бир мандаттуу округдан көрсөтүлгөн талапкердин өнөктүгүнө да таасир этиши мүмкүн.

Муну менен бирге «Жалпы» коомдук фонду конституциялык мыйзамдын нормасына ылайык, эгер шайлоо округунан бир дагы талапкер катталбаса, же бир кишини каттайт, же БШКнын чечими менен шайлоо 25 күнгө жылат. Бул убакыт аралыгында кошумча талапкерлерлер көрсөтүлүп, кийинки шайлоо өтүшү керек. Бирок мыйзамда 25 күн өткөндөн кийин да талапкерлер көрсөтүлбөсө же бирөө гана көрсөтүлсө эмне болору жазылган эмес.

Азыркы конституциялык мыйзам дагы бир жагдай эске алынган эмес. Шайлоо күнү бир мандаттуу округда айрым талапкерлер шайлоого катышуудан баш тартып же талапкерлиги кайсы бир мыйзам бузуулардан соң четтетилип бирөө эле калса, шайлоо комиссиялары кандай нукта аракет көрүшү керектиги мыйзамда белгиленген эмес.

Муну менен катар саясий партия бир мандаттуу округдан/округдардан талапкер/бир нече талапкер көрсөтүүгө укугу барбы, саясий партия жарыштан четтесе бир мандаттуу округдан көрсөткөн талапкерлеринин баары четтейби деген суроолор жоопсуз калган. Бул маселелер талапка ылайык мыйзам менен чечилип берилиши керек.

**Шайлоо алдындагы үгүт иштери**

КРдин Жогорку Кеңешинин VII чакырылышындагы депутаттардын шайлоосу боюнча 2021-жылдын 29-августта БШК бекиткен № 663 токтомунун календардык планынын негизинде шайлоо алдындагы үгүт иштери бир мандаттуу округдар жана саясий партиялардын тизмесинин негизинде бирдиктүү округдар боюнча көрсөтүлгөн бардык талапкерлерди каттоо аяктаган күндөн тарта башталып, добуш берүүгө 24 саат калганда аяктайт. Башкача айтканда, 2021-жылдын 29-октябрынан тарта старт алып, 2021-жылдын 27-ноябрында саат 8:00дө бүтөт.

Киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолордон улам шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүгө тыюу салынгандардын катарына өзүн-өзү башкаруу органдарынын кызматкерлери (үй комитеттеринин башчылары, квартал жетекчилери жана башкалар) кирген. Муну менен катар эле бир катар объектилердин ичинде жана 100 метр аралыкта шайлоо алдындагы үгүт иштери жүргүзүүгө тыюу салынган (мектептер, бала бакчалар, ооруканалар, диний имараттар, пенитенциардык мекемелер ж.б.)

«Жалпы иш» коомдук фонду бул норма үгүт иштерин жүргүзүү учурунда аталган мекемелерде пайда болгон иштерден улам зарылдык катары каралганын айтты. Бирок практикада бул норма аталган мекемелер чакан айылдарда, ал тургай шаарларда адатта партиялар жана талапкерлер шалоочулар менен жолуккан стадиондордун, аянттардын жанында жайгашып калып, көйгөй жаралышы мүмкүндүгүн белгилейт.

Аралаш шайлоо системасы киргизилгенине байланыштуу бирдиктүү округдар боюнча шайлоочуларда саясий партияны жана саясий партиянын тизмесинин ичиндеги талапкерге добуш берүүнү тандоо боюнча шайлоочунун укугу болот. «Жалпы иш» коомдук фонду шайлоо алдындагы күрөш саясий партиялар жана аны менен катар эле партиялык тизменин ичиндеги талапкерлер арасында болот деп эсептеп, андан улам тигил же бул

партияларда чыңалуу очоктору жаралышы ыктымалдыгын билдирет. Мындан тышкары, бул партиялык курулушка, саясий партиялардын өздөрүнүн туруктуулугуна жана андан ары өнүгүшүнө таасирин тийгизиши мүмкүн, партия менен шайланган депутаттардын ортосундагы байланыштын жоктугуна, саясатчылардын бир саясий партиядан экинчи партияга тынымсыз саясий “миграциясына” таасирин тийгизиши ыктымал.

Актуалдуу маселелердин бири катары бир мандаттуу округдан көрсөтүлгөн талапкерлердин шайлоочулар менен жана талапкерлердин жолугушуусун биргеликте уюштуруу жаатындагы суроосу болду. 2006-жылга чейин Шайлоо кодексинде округдун аймагында шайлоо комиссиялары  жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен биргеликте  шайлоо округундагы талапкерлер менен жолугушууларды уюштуруп келген. Азыркы шайлоодо талапкерлердин шайлоочулар менен мындай жолугушууларды өткөрсө коомдук тартипти сактоо маселесин чечүүгө туура келет. Себеби өткөн жылдардагы окуялар  көрсөткөндөй, андай жолугушууларда ар бир талапкер өзүнүн тарапташтарын кошо ала келип, ал аягында бири-бири менен чатакташып, конфликт менен аякташы мүмкүн.

«Жалпы иш» коомдук фонду ошондой эле социалдык тармактарда үгүт жүргүзүү маселеси, талапкерлердин жана саясий партиялардын арасында социалдык тармактарда үгүт жүргүзүү мүмкүнбү, кайсы форматта, талапкерлер өз баракчаларында үгүт материалдарын бекер жарыялоого укуктуубу, тиешелүү шайлоо фондунан төлөнбөгөн үгүт материалдарын таратуу үчүн ким жооп берет, WhatsApp, Telegram, Viber ж.б. мессенджерлер аркылуу үгүт иштерин жүргүзүүгө болобу деген суроолорду жаратууну улантып жатканын белгилейт. Бул суроолордун бардыгы жоопторду талап кылат, аларга колдонуудагы мыйзамдарда түшүндүрмөлөр камтылган эмес.

**Добуш берүү күнү**

Конституциялык мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолорго ылайык, добуш берүү күнү эки округ боюнча (жалпы жана бир мандаттуу) шайлоочу идентификациядан өтүп, идентификациядан өткөнү тууралуу эки чек жана эки бюллетень алууга укуктуу.

Референдум менен жергиликтүү шайлоону бир өткөрүү практикасы шайлоочу бир кампаниядан баш тартышы мүмкүн экенин көрсөттү. Мисалы, ушинтип бириктирилип өткөзүлгөн шайлоодо бир катар шайлоочулар референдумдун бюллетенин албай койгон. Мындан улам идентификациялангандар менен урнага салынган бюллетендердин саны дал келбей, байкоочулардын суроосун жараткан.

КР ЖК шайлоосунда да ушундай эле көрүнүш кайталанышы ыктымал. Участокко келген шайлоочу идентификациядан өтүп, жалпы да, бир мандатттуу да округдун тизмесинде болгондуктан идентификация тууралуу эки чек алат. Бул эки чек менен эки шайлоо бюллетенин алууга укуктуу. Ошол эле учурда эгер бир мандаттуу же жалпы округ боюнча добуш берүүнү каалабаса бир эле бюллетень алуу укугуна ээ.

Мындай жагдайда идентификациядан өткөн жарандардын саны урнадагы бюллетенден көп болушу ыктымал, ошону менен бирге эки урнадагы бюллетендин саны эки башка болуп чыгат. Мындай кырдаалда шайлоо комиссиялары да түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, иш-аракеттердин алгоритмин тактап алышы кажет.

Бир мандаттуу округдун бюллетенинде бардык талапкерлердин аты-жөнү жана “Баарына каршы” пункту болот. Шайлоочу тандаган талапкеринин тушуна белги коет.

Мында жалпы округ боюнча эки бөлүктөн турган бюллетень кыйла оорчулук жаратышы мүмкүн. Жогорку бөлүгүндө саясий партиялардын аталышы жайгашып, төмөнкүсүндө 1ден 54кө чейинки сан жазылган. Шайлоочу саясий партияга да, ошол эле партиянын тизмесиндеги талапкер үчүн да добуш бере алат. Мисалы, жаран өз добушун “Ромашка” партиясынан көрсөтүлгөн И.И.Ивановго бергиси келет дейли. БШКнын каттоосунан өткөн “Ромашка” партиясынын тизмесинде Иванов 27-болуп турат. Шайлоочу бюллетендин жогору жагындагы “Ромашка” партиясынын тушуна, андан кийин ылдыйкы бөлүгүндөгү 27 деген сандын тушуна да белги коет.

“Жалпы иш” коомдук фонду конституциялык мыйзамга өзгөрүүлөр менен толуктоолор кыска убакытта киргизилгенине байланыштуу шайлоочулар добуш берүү процедурасы менен таанышууга жетишпейт деп эсептөөдө. Бул жалпы округ боюнча шайлоо бюллетенин толтурууда кыйынчылыкка кептеп, натыйжада көп сандагы бюллетендин жараксыз болуп калышын мүмкүн.

**Шайлоочулардын добуштарынын саналышы**

Шайлоочулардын добушу саноодо участкалык шайлоо комиссиясы биринчи кезекте бир мандаттуу округдар боюнча берилген добуштарды санайт. Башкача айтканда, АСУдан бир мандаттуу округдар боюнча бюллетенди алып чыгып, аны ар бир талапкер боюнча өз-өзүнчө бөлүшөт. «Баарына каршы» позициясы жараксыз болуп калгандар менен кошо өзүнчө коюлат. Мындан кийин ар бир талапкерге берилген добуштар жана «Баарына каршылар» саналат.

Ошентип, бир мандаттуу округ боюнча жеңген талапкердин аты-жөнү түн ортосунда белгилүү болуп калат. Өткөн жылдардагы окуялар бир мандаттуу округдан жеңилген талапкердин жана талапкердин тигил же бул округда абалды чыңалткан кырдаалды түзөрүн көрсөттү. Ушундай сыяктуу тобокелдиктерди башкарууга багытталган, аларга карата ыкчам реакция жасаш үчүн шайлоо комиссиялары мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен биргеликте эмне чараларды көрүү керектигин иштеп чыгышы керек.

Бирдиктүү округ боюнча добуштарды саноо төмөнкүдөй болот. АСУдан бирдиктүү округдар боюнча бюллетендерди алып чыгып, ар бир саясий партия боюнча өз-өзүнчө бөлүшөт. «Баарына каршы» позициясы жараксыз болуп калгандар менен кошо өзүнчө коюлат.

Мындан соң саясий партиялардын тизмесинде талапкерлерге салынган бюллетендер 54 талапкердин ар бири боюнча өз-өзүнчө бөлүнөт. Ар бир партия жана саясий партиянын ичиндеги тизме боюнча ар бир талапкерлерге берилген добуштардын так саналып чыгат.

Белгиленген учурларды эске алсак, эгерде катталган партиялардын саны көп болсо, кол менен саноо участкалык шайлоо комиссиялардын көп убактысын алышы мүмкүн.  Бул суткага чейин жана андан көп убакытты алышы мүмкүн. Мындай учурда БШК бул факторлордун баарын эске алып добуштарды саноо ыкмасын иштеп чыгышы керек.

«Жалпы иш» коомдук фонду өзгөртүүлөр жана толуктоолор конституциялык мыйзамга кыска мөөнөттө болгонун жана шайлоочуларды, талапкерлерди, саясий партияларды окутуу мөөнөтү жетишсиз болгонун эске алып, добуш берүүчүлөрдүн бюллетендерди туура эмес толтуруусуна, шайлоочулардын талапкерлердин номерлерин белгилөөдө

жаңылышы, бирдиктүү округдар боюнча добуштарды көпкө чейин саноо чыңалуу очогун жаратышы мүмкүндүгүн белгилейт. Ошондой эле, шайлоо күну суук мезгилде өтөрүн эске алып, шайлоо комиссиялары автоматтык саноо урналарынын үзгүлтүксүз иштеши боюнча чараларды көрүүнү эске алышы керек.

**Добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгаруу. Шайлоонун натыйжасын аныктоо**

КРдин Жогорку Кеңешинине бирдиктүү округ жана бир мандаттуу округ боюнча болгон шайлоонун жыйынтыгын Борбордук шайлоо комиссия округдук шайлоо комиссияларынан алардагы маалыматтардын негизиндеги түшкөн протоколдордун негизинде чыгарат.

**Бир мандаттуу округ боюнча**

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын эң көп санын алган талапкер шайланган талапкер болуп саналат.

**Бирдиктүү округ боюнча**

Депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө тизмесиндеги талапкерлери төмөнкүлөрдү алган саясий париялар катыштырылат:

- республика боюнча жалпысынан добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5 пайыздан ашыгы;

- ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 0,5 пайыздан ашыгы.

«Жалпы иш» коомдук фонду мыйзам долбоорунун баштапкы долбоорунда ведомство аралык жумушчу тобу мандаттарды бөлүштүрүү боюнча сунуштаган жалпы республикалык жана аймактык босого 3% жана 0,3%ды түзгөнүн белгилейт.

«Жалпы иш» коомдук фонду 2020-жылы октябрь айында КРдин Жогорку Кеңешинин VII чакырылышына болгон шайлоонун жыйынтыга боюнча чыккан наразылыктардын бири бийик шайлоо босого пайызын 3% чейин түшүрүү талабы болгонун эске салат.

Өткөн шайлоодогу практика КРдин Жогорку Кеңешинин VII чакырылышына депутаттарды шайлоо боюнча өткөн өнөктүктөр төмөнкүлөрдү көрсөттү.

2015-жылы КРдин Жогорку Кеңешинин депуттарын шайлоонун жүрүшүндө келген добуш берүүчүлөрдүн саны 1 630 125, ал эми шайлоо босогосу 7% жана 0,7%ды түзүп, жыйынтыгында мандат алууга 6 саясий партияга берилген:

КСДП

«Республика Ата Журт»

«Ата Мекен»

«Өнүгүү Прогресс»

«Бир Бол»

«Кыргызстан»

Эгерде шайлоо босогосу ал кезде 3% жана 0,3%ды түзсө, «Эмгек» саясий партиясына да мандат тиймек.

2020-жылы КРдин Жогорку Кеңешинин депуттарын шайлоонун жүрүшүндө келген добуш берүүчүлөрдүн саны 1 908 386, ал эми шайлоо босогосу 7% жана 0,7%ды түзүп, жыйынтыгында мандат алууга кийинки саясий партияларга берилмек:

«Биримдик»

«Мекеним Кыргызстан»

«Бүтүн Кыргызстан»

«Кыргызстан»

Эгерде шайлоо босогосу 2020-жылы 3% жана 0,3%ды түзсө, төмөнкү саясий партияларга да мандат тиймек:

«Мекенчил»

«Ыйман Нуру»

«Ата Мекен»

«Бир Бол»

«Республика»

Мындай учурда 2020-жылдын октябрында болгон окуяларды болтурбоого мүмкүнчүлүк бар эле, анын натыйжасында КР БШК КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгын жараксыз деп тапкан.

Алдыда боло турган парламенттик шайлоо үчүн конституциялык мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолорго ылайык саясий партиялар үчүн босого чек жалпы республика боюнча 5%ды, ал эми ар бир облус менен Бишкек жана Ош шаарларында 0,5%ды түзөт. Бул добуш берген шайлоочулардын санына карата көрсөткүч. Бир мандаттуу округдун талапкерлерин эске алсак, добуш берүүчүлөрдүн саны 2020-жылы өткөн шайлоого караганда кыйла көп болушу мүмкүн, демек саясий партиянын ар облустан, Бишкек жана Ош шаарларынан, ошондой эле жалпы республика боюнча босого чектен өтүү үчүн алган добушу да көбөйөт. Эгер 2020-жылы өткөн шайлоого караганда эл көп келе турган болсо 5 жана 0,5% деп киргизилген чек 7 жана 0,7%га барабар болуп калат да мандат бөлүштүрүүдө, андан барып парламентти түзүүдө анчалык олуттуу мааниге ээ болбой калат.

“Жалпы иш” коомдук фондунун пикиринде конституциялык мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдүн эң эле позитивдүүсү — аял талапкерлер үчүн милдеттүү 30 пайыздык резервди киргизүү. Эми партия ээ болгон жалпы мандаттын 30%ы шайлоочулардын көп добушун алган аял талапкерлердин арасында бөлүштүрүлмөкчү. Ал эми 70%ы калган талапкерге берилет.

Мандат бөлүштүрүүнүн жыйынтыгы менен саясий партия жалпы округ боюнча 50%дан көп мандат ала албайт. Өлкө Конституциясынын буга чейинки редакциясында бул норма эл аларык эксперттердин сын пикирин жаратып келгенин белгилей кетели. Азыркы

редакцияда мындай чектөө жок, бирок бул норма конституциялык мыйзамга киргизилген, натыйжада мандаттын 50 пайыздан (27 мандат) ашыгына ээ болуу укугу бар партиялардын нааразычылыгын шартташы мүмкүн.

Мындан тышкары, киргизилген өзгөртүүлөргөн ылайык, саясий партиялардын тизмесиндеги талапкерлердин кезеги алардын алган добушуна жараша аныкталат, калган талапкерлердин кезеги БШК каттоосунан өткөн маалдагы ирети менен кетет.

Жогорудагыларды эске алып, "Жалпы иш" коомдук фонду ушул жерде да шайлоонун жыйынтыгын аныктоого берилген кыска убакыт жана шайлоодон кийин тизмедеги кезегине нааразы болгон талапкерлерден улам кыйынчылыктар болушу мүмкүн деп эсептейт.

Жалпысынан аралаш шайлоо системасына жүргүзүлгөн анализ мыйзам менен жөнгө салууну талап кылган бир катар маселе бар экенин көрсөттү. Ошондой эле шайлоо комиссиялары менен шайлоо процессинин субъектилеринин шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча укуктук маданиятты жогорулатууга багытталган тынымсыз аракети зарыл.

Анализ талаш маселе шайлоо процессинин бардык этабында болушу мүмкүн экенин көрсөттү. Бул эгемендүү Кыргызстандын тарыхындагы эң татаал шайлоо болуп калышы да мүмкүн, анткени чечилиши көп күчтү талап кылган чакырыктар менен тобокелдиктер арбын. "Жалпы иш" коомдук фонду жалпы округ боюнча шайлоонун жыйынтыгы менен Жогорку Кеңешке 54 депутат шайланып келиши мүмкүн экенин белгилейт. Анын басымдуу бөлүгү элинин саны көп райондон болот. Мисалы, "Тизме" порталынын маалыматы боюнча 2021-жылдын апрелине карата Кара-Суу районунда 246 795 шайлоочу болсо, жалпы Талас облусунда 159 532 шайлоочу катталган. Же Чүй облусунда 596 832 киши добуш бере турган болсо, Нарын облусунда бул көрсөткүч 204 818 адамды түзөт. Мындай айырма эли көп аймактан чыккан талапкерлерге калкы аз райондон аттангандарга караганда көбүрөөк мүмкүнчүлүктү шартташы ыктымал.

Аралаш шайлоо системасы парламентте саясий партиялардын лидерлеринин болушу тууралуу маселени да чече албайт. Мисалы саясий партиянын тизмесинде көп добуш алган талапкер болушу мүмкүн, бирок эгер саясий партия жалпы республикалык 5% жана аймактык 0,5% босого чектен өтпөсө, парламентке келе албайт да, жогорудагы талапкер депутат боло албай калат. Бул өз кезегинде добуш берген шайлоочулардын нааразычылыгын жаратышы мүмкүн.

Мындан улам "Жалпы иш" коомдук фонду шайлоодон чыккан талаштуу маселелерди чечүү процедурасына тынчсызданууда. Округдардын чек арасы менен схемаларын аныктоодо бир топ талаш болгон, талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо этабында да добуш сатып алуу, үгүт иштери боюнча сигналдар түшүп жатат. Демек шайлоонун жүрүшүндө шайлоо комиссияларына да, укук коргоо органдарына да доо менен арыздардын арбын түшөрү айкын. Шайлоо мыйзамында түшкөн арыздарды кароо мөөнөтү так көрсөтүлгөндүгүн эске алып, шайлоо комиссиялары аларга өз убагында реакция кылууга жетишпей калышы ыктымал деген кооптонуу бар.

Мындай жагдайда шайлоо комиссиялары юристтердин, шайлоонун уюштурууга жоопкер кызматкерлердин штатын кеңейтүү жагын ойлонушу керек. Укук коргоо органдары түшкөн арыздар боюнча тыкыр иш жүргүзүшү шарт. Ал эми соттор жаңы өзөртүүлөр

жана толуктоолор боюнча окутууларды жүргүзүп, чечим чыгарууда жаңы нормаларды жетекчиликке алышы керек.

Мындан тышкары, азыркы шайлоо мыйзамында добуш берүү күнүнөн кийин түшкөн доо менен арыздарды кароо мөөнөтү көрсөтүлгөн эмес. Балким, келечекте бул жаатта добуш берүү күнүнөн кийин даттануулар жана арыздар бериле турган так мөөнөттөрдү белгилеши керек.

Ошол эле маалда доо менен арыздарды кароонун бардык этабы менен коомчулук кабардар болуп турушу шарт. Фонд шайлоону кабыл алуу жана шайлоочулардын парламенттин шайланган курамына ишеними арыздарды жана даттанууларды ачык, ар тараптуу жана объективдүү кароодон көз каранды болоорун белгилейт.

«Жалпы иш» коомдук фонду жүргүзгөн кыскача талдоо көрсөткөндөй, алдыдагы шайлоолордо көйгөйлөр шайлоо процессинин бардык баскычтарында пайда болушу мүмкүн. Балким, бул эгемен Кыргызстандын тарыхындагы эң оор шайлоо болуп калаар, анткени ар кандай тобокелдиктер жана чакырыктар бар, аларды башкаруу көптөгөн тармактарда жана ар түрдүү багыттар боюнча иштерди күчөтүүнү талап кылат.

Жыйынтыктап айтканда, «Жалпы иш» коомдук фонду шайлоодон кийин бардык көйгөйлөрдү талдап чыгуу керектигин белгилейт, шайлоо алдындагы өнөктүктүн жүрүшүндө пайда болгон мыйзам деңгээлинде да натыйжалуу механизмдерди иштеп чыгуу аркылуу келечекте алардын алдын алуу максатында, шайлоо процессине катышуучулардын укуктук маданиятынын жана аң-сезиминин деңгээлин мындан ары жогорулатуу аркылуу.